УДК: 947.084.6 (575.2)
DOI 10.33514/1694-7851-2024-4/3-634-641

**Өмүрова Ж. К.**
тарых илимдеринин кандидаты, доценттин м.а.
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.

## КЫРГЫЗ АССРНИН ТҮЗҮЛҮШҮ ЖАНА 1929-ЖЫЛДАГЫ КОНСТИТУЦИЯСЫ БОЮНЧА БАШКАРУУ СИСТЕМАСЫ

**Аннатоция:** Макалада Кыргыз Республикасынын аймактык түзүлүшү жана бөлүнүү тарыхы, Орто Азиядагы советтик мамлекеттүүлүктүн андан ары өнүгүшү, автономиялуу областы түзүлгөндөн кийин Кыргызстанда партиялык жана советтик бийлик органдар жөнүндө, Кыргыз АССРинин Конституциясы, Кыргыз АССРнин өкмөтү-Эл Комиссарлар Советинин ишмердүүлүгү жөнүндө каралган. Кара-Кыргыз автономиялуу областы башында эки округка-Пишпек жана Жалал-Абад, эки районго Талас жана Нарын райондоруна бөлүнгөн. Областа 6 шаар, 75 болуштук, 727 айыл жана 721 кыштак болгондугу каралган. 1924-жылы декабрда областа 4 округ түзүлгөн: Пишпек шаары борбору болгон Пишпек округу, Каракол шаары борбору болгон Каракол-Нарын округу, Жалал-Абад шаары борбору болгон Жалал-Абад оркугу, Ош шаары борбору Ош округу жана болуштуктарга бөлгөндугу каралган. Аймактык жактан алганда Кара-Кыргыз автономиялуу областы округ, болуштук жана айылдарга бөлүнгөн.

**Негизги сөздөр:** областы, аймактык түзүлүш, район, съездине барган кыргыз делегаттары, автономиялуу бирдик, мамлекеттүүлүк, Конституция, администрациялык-аймактык реформа.

**Омурова Ж.К.**
кандидат исторических наук, и.о. доцента
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек

## СИСТЕМА ВЛАСТИ ПО СОЗДАНИЮ КЫРГЫЗСКОЙ АССР И КОНСТИТУЦИИ 1929 ГОДА

**Аннатоция:** В статье рассматривается история территориального устройства и разделения Кыргызской Республики, дальнейшее развитие советской государственности в Средней Азии, партийная и советская власть в Киргизии после создания автономной области, Конституция Киргизской АССР, деятельность Правительства-Народного Совета Киргизской АССР. Первоначально Кара-Киргизская автономная область была разделена на два района – Пишпекский и Джалал-Абадский, а также два района – Таласский и Нарынский. В области 6 городов, 75 поселков, 727 сел и 721 село. В декабре 1924 года область была разделена на 4 района: Пишпекский район со столицей в городе Пишпек, Каракол-Нарынский район со столицей в городе Каракол, Джалал-Абадский район со столицей в городе Джалал-Абад и город Ош в качестве столицы. В региональном отношении Кара-Кыргызская автономная область разделена на районы, районы и села.

**Ключевые слова:** область, региональная структура, округ, кыргызские делегаты на съезде, автономная единица, государственность, Конституция, административно-региональная реформа.

**Omurova Zh.K.**
Candidate of Historical Sciences, acting associate professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.

## SYSTEM OF POWER FOR THE CREATION OF THE KYRGYZ ASSR AND THE CONSTITUTION OF 1929

**Annatotsia:** The article examines the history of the territorial structure and division of the Kyrgyz Republic, the further development of Soviet statehood in Central Asia, party and Soviet power in Kyrgyzstan after the creation of the autonomous region, the Constitution of the Kyrgyz Autonomous Soviet Socialist Republic, the activities of the Government-People's Council of the Kyrgyz Autonomous Soviet Socialist Republic. Initially, the Kara-Kyrgyz Autonomous Region was divided into two districts - Pishpek and Jalal-Abad, as well as two districts - Talas and Naryn. There are 6 cities, 75 towns, 727 villages and 721 villages in the region. In December 1924, the region was divided into 4 districts: Pishpek district with the capital in the city of Pishpek, Karakol-Naryn district with the capital in the city of Karakol, Jalal-Abad district with the capital in the city of Jalal-Abad and the city of Osh as the capital. Regionally, the Kara-Kyrgyz Autonomous Region is divided into districts, districts and villages.

**Key words:** region, regional structure, district, Kyrgyz delegates at the congress, autonomous unit, statehood, Constitution, administrative-regional reform.

1924-жылы январда өткөн Түрк республика Кеңешинин XII съездинин делегаттары Түркстанды улуттук- тиричилик айырмачылыктарына жараша бөлүштүрүү зарылдыгы туурасында сунуш берүү менен, Орто Азиядагы советтик мамлекеттүүлүктүн андан ары өнүгүшү, анын аймагында жашаган элдердин улуттук мамлекеттүүлүгүн түзүү зарылдыгы баса белгилеген Ошентип, Орто Азиянын улуттук- мамлекеттик бөлүнүшү боюнча соңку чечим 1924-жылы 14-октябрда Советтердин Борбордук Аткаруу комитетинин экинчи сессиясында кабыл алынган. Орто Азияны бөлүүнүн натыйжасында Түркстан, Бухара, Хорезм советтик республикалары жоюлуп, алардын аймагында төмөндөгүдөй жаңы республикалар пайда болгон.

1. Өзбек ССРи (анын курамында Бухара, Хорезм республикалары жана Түркстан республикасынын бир бөлүгү кирген)
2. Түркмөн ССРи
3. Тажик АССРи Өзбек ССРинин курамында
4. Кыргыз АССРи (казак) (анын курамында Кара-Калпак автономиялуу областы жана бир катар Түркстандын негизинен казактар жашаган райондору кирген)
5. Кара-Калпак автономиялуу областы Кыргыз (казак) АССРинин курамында
6. Кара-Кыргыз автономиялуу областы РСФСР курамында.

Ошол учурдагы Областтык статистика бюросунун маалыматы боюнча областын калкы 828,3 мин адамды түзгөн. Анын “63,5 проценттин кыргыздар, 15,4 проценттин өзбектер, 16,8 процентин орустар болгон. Бөлөк улуттар 4,3 процентти түзгөн. Автономиялуу областтын

территориясы болжол менен 200 мин чарчы километирге жетип, областтарга 6 шаар, 321 айыл-кыштак жана 5 хутор”- болуп бөлүнгөн [6, 197 б.]. Демек бул кыргыз элинин тарыхындагы, автономия формасында болсо дагы өзгөчө маанилүү окуя, ошондой эле бирдиктүү улуттук мамлекеттке бириктирилген жана бүгүнкү эгемендүү көз карандысыз тарыхтын тарыхы деп баса белгилей алабыз.

Кара-Кыргыз автономиялуу областы башында эки округка-Пишпек жана Жалал-Абад, эки районго -Талас жана Нарын райондоруна бөлүнгөн. Области 6 шаар, 75 болуштук, 727 айыл жана 721 кыштак болгон. Бирок бул бөлүнүү жакшы натыйжа берген эмес.

1924-жылы декабрда областта 4 округ түзүлгөн: Пишпек шаары борбору болгон Пишпек округу (20 болуштуктан турган), Каракол шаары борбору болгон Каракол-Нарын округу (16 болуштук), Жалал-Абад шаары борбору болгон Жалал-Абад оркугу (19 болуштук), Ош шаары борбору Ош округу (20 болуштук). Аймактык жактан алганда Кара-Кыргыз автономиялуу областы округ, болуштук жана айылдарга бөлүнгөн.

Кара-Кыргыз автономиялуу областы түзүлгөндөн кийин Кыргызстанда партиялык жана советтик бийлик органдары уюштурулуп 1924-жылы 18-октябрда РКП(б) БКнын Саясий бюросу Кара-Кыргыз автономиялуу областынын Убактылуу партиялык бюросунун жана революциялык комитетинин курамын бекиткен. РКП(б) Кыргыз обкомунун партиялык бюросунун 1- секратарлыгына Михаил Каменский, 2-секретары болуп Юсуп Абдрахманов дайындалган. Областын ревкомунун төрагалыгына Иманалы Айдарбеков бекитилген [3, 174 б.].

Иманалы Айдарбеков башында турган 17 адамдан куралган Кара-Кыргыз автономиялуу областынын бийлиги автономиялуу областы катары Революциялык комитеттин колунда биринчи жалпы кыргыз уюштуруу съездине чейин болгон. Ревкомдун негизги функциялары: мамлекеттик бийликти жүргүзүү, областык башкаруу аппаратын түзүү, областты административдик-аймактык райондоштуруу, Советтердин уюштуруу съездин даярдоо жана өткөрүү болгон.

1924-жылы декабрда Ревком Ташкенттен Пишпекке көчүп келген. Областы расмий ыраатка келтирүү иштерин уюштуруу үчүн туруктуу комиссиялар түзүлүп. Кыргызстанды башкаруу үчүн Жалал-Абад, Каракол-Нарын, Пишпек жана Ош округдарына бөлүнгөн. 22-декабрда областык ревкомдун Турдалы Токтобаевди Кыргыз автономиялуу областынын Москвадагы Бүткүл Россиялык Борбордук Аткаруу Комитетинин өкүлү кылып дайындалган [5, 86-87 бб.]. Уюштуруу съездине чейин болуштук аткаруу комитеттери (исполкомдор) өз ишмердүүлүктөрүн өзгөчө буйрукка чейин улантышкан. Кара-Кыргыз автономиялуу областынын аймагында Түрк республикасынын бардык мыйзамдык актылары күчүндө калтырылган.

Кара-Кыргыз автономиялуу областынын Советтеринин биринчи уюштуруу съезди 1925-жылы 27-30-мартта өткөрүлгөн. Съездге 135 делегат катышып, анын 106сы чечүүчү добушка, 29у кеңешүү добушуна ээ болгон. Делегаттардын арасында кыргыздар 81, орустар 29, калган өзбек, казак, дунган, уйгур ж.б.25 адам болгон [4, 504 б.]. Съезди кыргыз элинин улуттук мамлекеттүүлүгүнүн түзүлүшүн юридикалык жактан тастыктоону жыйынтыктаган десек болот. Себеби, съездин жүрүшүндө жогорку мамлекеттик бийлик органы-областтык аткаруу комитети (облисполком) бекитилген. Облаткомдун курамына 51 мүчө, 15 талапкер жана СССР Борбордук аткаруу комитетинин Улуттар Кеңешиндеги бир өкүлү кирген. Областык аткаруу комитетинин төрагасы болуп Абдыкадыр Орозбеков тандалган.

Ошондой эле бир эле убакта президиуму тандалган жана төмөндөгүдөй бөлүмдөр иштеген. Алсак, финансылык, жер суу чарбасы боюнча, жергиликтүү чарбалык, эмгек, эл агартуу, саламаттык сактоо, жерге орноштуруу, социалдык камсыздоо,ички соода, пландоо, административдик, статбюро, облсот ж.б.

1925-жылы майда областык аткаруу комитетинин өтүнүчү менен автономиялуу областын аталышы Кыргыз автономиялуу областы болуп өзгөртүлгөн. 1925-жылы декабрда Кыргыз автономиялуу областынын Президиуму жогорку органдарга Кыргыз автономиялуу областын автономиялуу республикага айлантуу маселеси менен кайрылган.

1926-жылы 1-февралда Бүткүл Россиялык Борбордук Аткаруу комитетинин Президиуму: "Кыргыз автономиялуу областы учурдагы чек араларын калтыруу менен РСФСРдин федеративдик курамына кирген Кыргыз Автономиялуу ССРине өзгөртүлсүн"- деген чечим чыгарылган [6, 197 б.]. Кыргыз автономиялуу областынын аткаруу комитетин тандоо жана республикалык бийлик аппаратын уюштуруу үчүн Кыргыз АССРинин Кеңештеринин уюштуруу съездин өткөрүү үчүн тапшырма берилип. 1926-жылы 18-ноябрда Бүткүл Россиялык Борбордук аткаруу комитеттинин үчүнчү сессиясы Бүткүл Россиялык Борбордук аткаруу комитетинин Президимунун бул чечимин "Кыргыз автономиялуу областынын РСФСРдин курамындагы жалпы саясий жана чарбалык маанисин, ошондой эле Кыргызстандын улутуттук-аймактык жактан чакандыгын эске алуу менен эмгекчил кыргыз элинин эркине ылайык Бүткүл Россиялык Борбордук аткаруу комитетинин Президимунун 1926-жыл 1-февралындагы КАОнун учурдагы чек аралары калтырылып, РСФСРдин федаративдик бөлүгү катары Кыргыз АССРине өзгөртүү" [6, 197 б.]. - жөнүндө токтом чыгарып жана бекитип берген.

Ошол эле учурда анын жаңы административдик-аймактык бөлүнүшү бекитилген. Ага ылайык аймактардын ордуна 7 кантон орнолгон: Чүй, Талас, Каракол, Нарын, Ош, Жалал-Абад, Фрунзе. Кантондор 52 болушка, алар 455 айыл кеңешине бөлүнгөн. Ушул эле жылы Пишпектин аталышы полководец М.В. Фрунзе атына өзгөргөн.

1927-жылы 7-мартта Фрунзе шаарында Кыргыз АССРнин Кеңештеринин 1-уюштуруу съездинин ачылышы жарыяланган. Съездиге 231 делегат катышып, анын 204ү чечүүчү добушка,27си кеңеш берүүчү добушка ээ болгон. Делегаттардын 105и кыргыз, 72си орус,14ү башка улуттун өкүлдөрүнөн болгон [2, 304 б.].

Съездин биринчи жыйынында Бүткүл Россиялык Борбордук Аткаруу комитети 1926-жылдын 18-ноябрындагы "Кыргыз автономиялуу областын Кыргыз АССРи кылып кайра түзүү" жөнүндөгү токтому окулуп, Кыргыз АССРин түзүү боюнча декларация кабыл алынган жана борбордук аткаруу комитети тандалган.

Кыргыз АССРнин эң жогорку мамлекеттик бийлик органы-автономиялуу республиканын Кеңештеринин съезди, анын сессияларынын арасындагы мезгилде борбордук аткаруу комитети, анын төрагасы болуп Абдыкадыр Орозбеков шайланган.

Кыргыз АССРнин өкмөтү - Эл Комиссарлар Советинин башчылыгына Жусуп Абдрахманов дайындалган. Өкмөттө төмөнкү эл комисариаттары түзүлгөн: финансы, жер иштетүү, эмгек, ички иштер, агартуу, саламаттыкты сактоо, социалдык камсыздоо, юстиция жана ВСНХ (эл чарбасынын жогорку совети), Башкы сот, Суу чарба башкармалыгы жана ЦСУ (борбордук статистика башкармалыгы) уюштурулган [9]. Кыргыз АССРи болуп түзүлгөндө кыргыз элинин социалдык, саясий экономикалык жана маданий турмушундагы чоң өзгөрүүлөргө өбөлгө болуп мамлекеттүүлүк бекемдеген.

Бүткүл союздук коммунисттик (большевиктик) партиянын кыргыз облустук комитетинин аткаруу бюросу 1926-жылдын 16-октябрындагы кеңешмесинде алгачкы Конституциянын долбоорун карап, жактырган. Эки жылдан ашык иштелип толукталгандан жана жакшыртылгандан кийин долбоор 1929-жылдын 19- февралында Кыргыз обкомунун Аткаруу бюросунда каралган.

1929-жылдын 16-апрелинде долбоордун редакцияланган варианты обкомунун аткаруу бюросунун кароосуна берилген, бюро аны жактырып, кеңештердин 1929-жылдын 25-апрелинде ачылган Бүткүл Кыргыздын экинчи курултайынын кароосуна сунуш кылган Курултайдын негизги маселеси Кыргыз АССРинин Конституциясын (негизги мыйзамын) талкуулоо жана кабыл алуу болгон. Курултайда кароого сунушталган Конституциянын долбоору 6 бөлүмдөн, 14 главадан, 96 статьядан турган бул долбоорду баардыгы жактырышкан жана бүткүл элдик талкуу, Кыргыз союздук республикасын түзүү, ж.б. жөнүндө бир топ сунуштарды киргизишкен [7].

Ошентип 1929-жылы 30-апрелде Кыргыз АССРнин Советтеринин II съезди болуп, ага 220 делегат катышып, республиканын өкмөтүнүн отчетун уккандан кийин Кыргыз АССРинин Конституциясын кеңири талкуулаган жана кабыл алган. Бул Конституция 7 бөлүмдөн, 16 главадан жана 97 статьядан турган [1, 152-б.].

Алгачкы Конституция РСФСРдын курамындагы укуктук абалыбызды аныктап, коомдук жана мамлекеттик түзүлүштүн мыйзамдык абалын чыңдаган. Ошондой эле мамлекеттүүлүктү, бийлик органдарынын структурасын жана функцияларын бекемдеген.

Конституцияга ылайык мамлекеттик бийликтин жана башкарууунун жогорку органы Советтердин Бүткүл Кыргыз съезди, Кыргыз борбордук аткаруу комитетинин Президиуму, Эл комиссарлар Совети, Эл Комиссариаттары болгон.

*Советтердин Бүткүл Кыргыз съезди* - Конституция кабыл алуу, (толуктоо, өзгөртүүлөрдү киргизүү), андан ары Советтердин Бүткүл Россиялык съезди тарабынан бекитилет, Кыргыз АССРинин бюджетин бекитүү жана анын аткарылышына көзөмөл болуу, Кыргыз АССРинин борбордук бийлик органдары жөнүндө жобону бекитүү, төмөнкү бийлик органдарынын токтомдорун жана чечимдерин жокко чыгаруу же өзгөртүү, республикалык элдик чарба планын бекитүү, Кыргыз АССРинин БАКин шайлоо, анын курамынын санын аныктоо ж.б. Жогорку бийликтин ээси болуп жылына бир жолу чакырыла турган Советтердин Бүткүл Кыргыз съезди эсептелинген.

Кыргыз АССРинин Борбордук Аткаруу Комитети – негизги милдети Советтердин Бүткүл Кыргыз съездинин аралыгындагы жогорку мыйзам чыгаруучу, башкаруучу жана көзөмөл кылуучу орган болуп саналган. Ал сессия формасында иштеген жана ар бир үч айда сессия Президиум тарабынан чакырылган. Сессия аралыгында жогорку мыйзам чыгаруучу, башкаруучу жана көзөмөл кылуучу функциясын Борбордук аткаруу комитетинин Президиуму аткарган.

Эл комиссарлар Совети- Советтердин борбордук аткаруу комитети республиканы башкарып туруу үчүн Кыргыз АССРинин Эл Комиссарлар Советин түзгөн. Ал эми элдик чарбалардын ар башка тармактарын башкаруу үчүн *-элдик комиссариаттарды* уюштурган. Эл комиссарлар Совети өзүнө таандык болгон укуктардын алкагында Кыргызстандын бүт аймагында милдеттүү болгон *декрет, токтомдорду* чыгара алган. Бирок Эл комиссарлар Совети чыгарган томдорду Кыргыз АССРинин Борбордук Аткаруу комитети жана Президиуму жокко чыгара алган. Жыйынтыгында Эл комиссарлар Совети республикалык

Борбордук Аткаруу комитетине көз каранды болгон жана баш ийген, ал эми Борбордук Аткаруу комитети сессиялары ортосунда анын Президиумуна баш ийген.

Мыйзам чыгаруу функциялары бардык жогорку бийлик органдары: Советтердин Бүткүл Кыргыз съезди, Советтердин Борбордук Аткаруу Комитети, Борбордук Аткаруу Комитетти Президиуму жана Кыргыз АССРинин Эл Комиссарлар Совети (82статья) тарабынан жүргүзүлгөн жана ишке ашыруу жолу төмөндөгүдөй болгон. Алсак, «республиканын ички турмушуна байланыштуу мыйзамдарды өз алдынча чыгаруу, республиканын ички шарттарын эске алып, РСФСРдин жалпы федеративдик мыйзамдарын алымча-кошумчалары менен пайдалануу. Жалпы федеративдик мыйзамдарга киргизилген өзгөртүүлөр менен толуктоолор РСФСРдин бийлик органдарынын бекитүүсүнө муктаж болгон, РСФСРдин мыйзамдарынын негизинде жана аларды аткарууга байланыштуу мыйзамдарды чыгаруу» - деп белгиленген [1, 150 б.].

Жалпысынан,1929-жылдагы Конституцияга ылайык республика Конституцияны иштеп чыгуу, кабыл алуу, ага өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду киргизүү, анын сакталышына көзөмөл жүргүзүү, административдик-аймактык бөлүштүрүүлөрдү аныктоо жана аны РСФСРдин жогорку органдарына бекитүүгө алып чыгуу маселелери кирген. Республиканын социалдык-саясий, экономикалык, маданий тармактары бардык маанилүү маселелердин чечилиши РСФСРдын компетенциясында болгон.

Ошондой болгон күндө да мамлекетибиздин пайдубалын түптөгөн жана мамлекетибиздин бүгүнкү өнүгүшүнө жана калыптанып өсүшүнө ошол учурдагы инсандардын таасири чоң десек жаңылбайбыз, себеби ар бир жүргүзүлгөн иш аракеттердин жыйынтыгы менен мамлекет калыптанат, өсөт жана өзгөрүүлөр, толуктоолор болуп турат. Инсан демекчи, алгачкы агартуучубуз Ишенаалы Арабев ала турган болсок сабатсыздыкты жоюуга алгачкылардан болуп билимдин, илимдин кирпичтерди койгон, алгачкы агартуучу эмес, коомдук-саясий ишмер катары да жогорку денгээлде турат десек жаңылышбайбыз. Себеби,

1924-жылы Кыргызстан области болуп бөлүнүп жана өз эне тилибизде “Эрктин-Тоо” газетасын чыгарууда И. Арабаевдин да салым чон. Газетанын биринчи санында элдин эзелтеден энсеген тилеги орундалганын жарыялап “Мына эми жерин да эркин, элин да эркин, тоон да эркин, кушун да эркин. Кыргызым ушул бактынды бек карма, талыбай эмгектен, окуп билим алгыла” [11], – деп элине кайрылган. Муну менен катар И. Арабаев газета калктын келечегине кен жол ача турган кыргыз элинин өз тилинде чыгып жаткан газетасы бар экендин токтолуп, газетанын чыгышына ар бир атуул жазылуу менен көмөк көрстө ала тургандыгын да белгилеген. “Ишенаалы Арабаев- кыргыз элинин тунгуч агартуучусу” – деп сыймыктануу менен айта алабыз. Ошондой эле илимдин өнүгүш тенденцияларын изилдөө үчүн Э. Арабаевдин эмгектеринин негизинде кыргыз «мамлекттүүлүгүнүн түптөлүшүнө кошкон салмын алгачкыдан баштаган ушул мезгилге чейинки процессти талдоого алуу зарыл деп» баса белгилөө менен токтолгон [10, 271-276 бб.].

Алгачкы, 1911-жылы Уфадан жарык көргөн «Алифба йаки тете окуу» – «Балдарды мектептерде тез (интенсивдүү окутуунун жолдору же алиппеси» деген эмгегине быйыл толук 110 жыл толуп олтурат. Казак элинин көрүнүктүү агартуучусу Х. Сарсекеев менен биргеликте жазылган бул алиппе кыргыз, казак балдарына арналган кыргыз тилинде чыккан окуу китептеринин көч башы болгонун бөтөнчө белгилешибиз керек. Мындан тышкары, жалпы коомчулук, өзгөчө эне тилин окутуучулар менен изилдөөүлөр үчүн И. Арабаевдин алгачкы 3 эмгегин: биринчиси, биз сөз кылган тунгуч алиппе «Алифба йаки тете окууну» (1911),

экинчиси, эне тилин окутуу боюнча алгачкы методикалык колдонмо - «Жазуу жолундагы саамалыкты» (1925), үчүнчүсү, эн алгачкы сүрөттүү «Кыргыз алиппесин» (1928) чыккан эмгектерин баса белгилеп кетсек болот.

Демек, мамлекеттүүлүктүн түптөлүшүнө кошкон ар бир инсандардын эмгектерин талдоо жана жарандардын укуктарына, эркиндигине, коомдук саясий түзүлүштүн негиздерин аныктаган тарыхый документтерге маани берүү бул биздин милдетибиз болуп саналат.

Азыркы учурдагы Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана анын маанисине кыскача токтоло турган болсок, Кыргыз Республикасынын Конституциясы – бул өлкөнүн негизги мыйзамы. Ал Кыргызстандын коомдук, саясий жана укуктук түзүлүшүнүн негиздерин аныктайт жана жарандардын укуктары менен эркиндиктеринин кепилдигин камсыздайт. Азыркы Конституция 2021-жылдын 11-апрелинде референдум аркылуу кабыл алынган жана анын негизги өзгөчөлүгү президенттик башкаруу формасын киргизилип, элдин жашоо сапатын жакшыртуу үчүн социалдык жана экономикалык багыттарды бекемдеген.

Конституциянын тарыхы жана өнүгүү этаптары 1993-жылы кабыл алынган Конституция Кыргызстандын эгемендик алганынан кийин кабыл алынган алгачкы Конституция Демократиялык принциптерди жана адам укуктарынын негиздерин аныктаган. Ал эми 2007-жылдагы Констиуцияга өзгөртүүлөр киргизилип, негизи мааниси Президенттин ыйгарым укуктарын күчөтүү жана парламенттин ролун чектөө менен мүнөздөлгөн. Бул өзгөртүүлөр бийликке каршы наразылыктардын күчөшүнө алып келген. Ал эми 2010-жылы өзгортүүлөр жана толуктоолор менен кабыл алынган Конституция, апрель окуясынан кийин кабыл алынган.Парламенттик башкаруу формасын киргизген жана бийлик бутактарынын тең салмактуулугун камсыздоону максат кылган.

Жалпысынан, Конституциянын негизги өзгөчөлүктөрү болуп башкаруу формасы бекемделип, президент мамлекеттик башкаруунун негизги фигурасы катары белгиленет. Президент өкмөттү түзүү, министрлерди дайындоо жана парламенттин ишине таасир этүү укугуна ээ. Конституция жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоону, социалдык, экономикалык жана маданий укуктарды камсыздоону бекемдейт. Мыйзам алдында баарынын тең укуктуулугу жана адамдын кадыр-баркынын кол тийгистиги кепилденет. Конституциянын мааниси Коомдук жана мамлекеттик түзүлүштүн негиздери болгон Конституция өлкөнүн мамлекеттик түзүлүшүн аныктап, бийлик бутактарынын ортосундагы мамилени жөнгө салат. Ал коомдук туруктуулукту жана укуктук тартипти камсыз кылат. Жарандардын укуктарынын жана эркиндиктеринин кепилдигине Конституция ар бир жарандын укуктарын жана эркиндиктерин коргоонун башкы куралы болуп эсептелет. Ошондой эле Адам укуктарын коргоо боюнча эл аралык стандарттарга шайкеш келет. Өлкөдөгү саясий туруктуулукту жана бийликтин биримдигин камсыздоону көздөйт. Муну менен катар башкаруу системасынын жөнөкөйлүгү чечимдерди тез кабыл алууга шарт түзөт.

Мамлекетте болуп жаткан реформаларды ишке ашыруу менен социалдык-экономикалык жана укуктук реформаларды жүргүзүүдө Конституция негизги багыт берүүчү документ болуп саналат.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Арабаев А.А. Современный Кыргызстан: государственно-правовое развитие. – Б. 2009. – 150-152 с.
2. Асанканов А.А., Осмонов Ө.Ж. Кыргызстандын тарыхы. – Б, 2001. – 304-б.
3. История кыргызов и Кыргызстана. – Б., 1995. – С.174.
4. Мамлекет жана укуктун Ата Мекендик тарыхы.Окуу китеп – Ош, 2019. – 504 б.

5. Нурбеков К. Возникновение Киргизской Советской Национальной Государственности. – Ф., 1964. – С.86-87.
6. Осмонов Ө.Ж. Кыргызстандын тарыхы (Байыркы доордон азыркы мезгилге чейин). – Бишкек: Мезгил, 2013. – 197-б.
7. Сооданбеков С.С., Укушев М.К., Кыргыз Республикасынын Конституциялык укугу – Бишкек, 2002.
8. Шерипов Н.Т., Кыргыз Республикасынын Конституциясы. – Бишкек, 2012.
9. www.science-journal.kg/
10. Вестник КГУ им. И. Арабаев / №4, Бишкек, 2022. – С.271-276.
11. Эркин-Тоо. – 1924-ж., 7-ноябрь. – №1.

**Рецензент: тарых илимдеринин кандидаты, доцент Тентигул к Н.**